Ош облустук коомдук-саясый гезити

www.oshinfo.kg

Ош жаңырыгы

ГЕЗИТ 1938-ЖЫЛЫ 14-ОКТЯБРЫНДА НЕГИЗДЕЛГЕН: "КЫРГЫЗСТАН БОЛЬШЕВИГИ", "ЛЕНИН ЖОЛУ"

№31 [17027] ИШЕМБИ, 10/10/2026

АДИСТЕРДИ ДАЯРДАГАН ЗАМАНБАП ЛИЦЕЙ



4-бетте

Ош - спортту сүйгөн шаар



3-бетте

Кызмат жолунда калыптанган жаш жетекчи




5-бетте

Акбар Абдуллаев сыймыктуу кыргыз мушкери



3-бетте

БАСМА-ПОЛИГРАФИЯДА КАДЫРЛУУ ИНСАН ЭЛЕ...



6-бетте

Ордолуу Ошко - 3026 жыл



Ош шаарынын күнү салтанаттуу белгиленди. Ордолуу Ошко 3026 жыл толду. Майрамдык салтанатка Кыргыз Республикасынын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү Аманкан Кенжебаев,Ош шаарынын мэри Жанар Акаев жана башка тараптар, шаар калкы катышты.

Облус башчысы иш чарада сөз сүйлөп, Ош шаарынын өлкөбүздүн тарыхындагы, маданий жана социалдык-экономикалык өнүгүүсүндөгү орду өзгөчө экендигин белгиледи. Шаардын өнүгүшүнө салым кошуп келаткан ар бир жаранга ыраазычылык айтты.

Ошондой эле облус башчысы Ош шаарынын мэри Жанар Акаевге жана мэриянын жамаатына шаарды өнүктүрүү жолунда ийгиликтерди каалады.

Автобус жана техникалар тапшырылды



КР Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү Аманкан Кенжебаев Араван районунун Керме- Тоо айыл –өкмөтүнө атайын техникаларды жана окуучулар үчүн автобус тапшырды. Белгилей кетсек, буга чейин Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаровдун Араван эли менен болгон жолугушуусунда Керме -Тоо айыл өкмөтүнүн бийик тоолуу Кичик -Алай айылынын тургундары мектеп окуучулары төрт чакырымдан тогуз чакырымга чейинки аралыкты жөө басып, билим алууга барып жаткандыгын айтып, окуучуларды ташуу үчүн автобус суранышкан.

Аталган маселени чечүү үчүн Араван райондук өнүктүрүү фонду тарабынан 1 млн. 500 000 сом каралып, тендер жарыяланган. Анын жыйынтыгында баасы 1 млн. 400 000 сомдук 20 орундуу Mercedes –Benz Sprinter Glassic үлгүсүндөгү кичи автобус сатылып алынды. Мындан ары Кичик-Алай айылынын окуучулары мектепке ушул автобус менен ташылат.

Мындан сырткары, Дүйнөлүк банк тарабынан АРИС программасынын негизинде Керме –Тоо айыл өкмөтүнө 27 чакырым аралыктан таза суу тартылып келген. Бул таза сууну үзгүлтүксүз берүү жана алдыда боло турган оңдоп– түзөө иштерин аткаруу үчүн Дүйнөлүк банк тарабынан айыл өкмөтүнө кошумча техникалар берилди. Дүйнөлүк банктын АРИС программасынын негизинде баасы 3 млн. 500 миң сомдук 1 даана ас-машина жана баасы 3 млн. 500 сомдук эксковатор берилди. Жалпысынан 8 млн. 400 миң сомдук техникалар айыл өкмөтүнүн балансына өткөрүлүп берилди.

Даярдаган: К.Кыдыралиева.

Устаттарга өзгөчө сый-урмат



5-октябрь күнү Б. Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек Эл аралык университетинде мугалимдердин кесиптик күнүнө арналган салтанаттуу кече өтүп, билим берүү тармагына өмүрүн арнаган устаттарга өзгөчө сый-урмат көрсөтүлдү.

Салтанатка университеттин ректору, ф-м.и.к., доцент Алтынбек Зулпукаров, Бириккен кесиптик бирлик комитетинин төрагасы Шералы Эгембердиев, профессордук-окутуучулар жамааты катышты.

Майрамдык кечеде устаттык кесиптин жоопкерчилиги, коомдогу орду жана жаш муундун келечегин калыптандыруудагы мааниси белгиленип, мугалимдерге арналган концерттик программа тартууланды.

Иш-чаранын жүрүшүндө Ош шаардык кеңешинин депутаты Акмарал Тентимишова мугалимдерди кесиптик майрамы менен куттуктап, ак дилден каалоо-тилектерин билдирди.

Билим берүү тармагында үзүрлүү эмгектенип, кесиптик ишмердиги менен айырмаланган бир катар окутуучулар КР Жогорку Кеңешинин, Ош шаарынын мэриясынын, Ош шаардык кеңешинин жана университеттин ошондой эле бириккен кесиптик бирлик комитетинин Ардак грамоталары жана баалуу белектери менен сыйланышты.

ОшКУУнун коммуникация жана медиа бөлүмү.

Спартакиада

Ош технологиялык университетинин гуманитардык-технологиялык колледжинин студенттери арасында «Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик» уңгузолунун алкагында I спартакиаданын ачылыш аземи өттү.

Иш-чаранын ачылышында ОшТУнун окуу иштери боюнча проректору Эрнисбек Алайчиев сөз сүйлөп, студенттерге ийгилик каалап, спорттун жаштардын ден соолугун чыңдоодогу жана ынтымакты бекемдөөдөгү маанисин белгиледи.

Спартакиаданын негизги максаты — студенттердин ден соолугун чыңдоо, сергек жашоо образын калыптандыруу, спортко болгон кызыгуусун арттыруу жана студенттер арасындагы ынтымакты бекемдөө.

Мелдештерге колледждин күндүзгү бөлүмүндө окуган биринчи курстун студенттери катышууда.

Студенттер волейбол, футбол, стол тенниси, жеңил атлетика жана ордо сыяктуу спорттун түрлөрү боюнча күч сынашат.

ОшТУнун басма сөз кызматы.

Спорт

СПОРТ МЕКТЕБИНДЕГИ АЛГЫЛЫКТУУ ИШТЕР



Кара-Кулжа районундагы балдар, өспүрүмдөр спорт мектебинде соңку мезгилдерде өспүрүмдөр арасындагы спортко шыктууларга таалим тарбия берүү иштери жакшы колго алынган.

Муну аталган мектептин демилгеси менен өткөрүлгөн машыктыруу, спортчуларга дем берүү иш чараларынан эле көрүүгө болот. Атап айтканда ушул жылдын алты айынын жыйынтыгы боюнча райондук деңгээлде сексен миң сомдук каражат сарпталган 1959 спортчу катышкан иш-чаралар болуп өттү. Мындан сырткары областтык маанидеги спорттук массалык иш-чараларга райондон 357 спорт сүйүүчүлөрү катышып, алдынкы орундарды камсыз кылууга жетишти. Ал эми республикалык мааниде өткөрүлгөн иш-чараларга райондук спорт мектебинин 124 тарбиялануучусу мелдештерде өз күчтөрүн сынашты. Үстүбүздөгү жылдын алты айынын жыйынтыгы менен 53 спорттук массалык иш-чаралар өткөрүлүп, мелдеште 2440 өспүрүм спортчулар спорттун түрлөрү боюнча өз күчтөрүн сынап көрүү максатында катышуу менен жакшы ийгиликтерди жаратышты.

Аталган мектепте 22 машыктыруучу эмгектенет. Алардын ичинен Маман Исмаилов кырк тогуз жылдан бери үзүрлүү эмгектенип келет. Мындан сырткары, Кубатов Искендер эмгеги сиңген ардагер спортчу, жеңил атлетика боюнча машыктыруучу болуп эмгектенүүдө. Азыркы учурда спорт мектебин Төлөнбай уулу Нурмат директор болуп жетектеп келет. Мектепте уюштуруучулук иштери талаптын деңгээлине жооп берет.

М. Осмонов.

Кызматташтык кеңейет



Канвон улуттук университетинин (KNU) делегациясы ОшМУга иш сапары менен келип, эки окуу жайдын ортосундагы кызматташтыкты кеңейтүү маселелерин талкуулады.

Жолугушууда 2+2 биргелешкен билим берүү программасын ишке киргизүү, кош диплом берүү, KNUнун билим берүү программаларын ОшМУда ачуу, Канвон улуттук университетинин борборун түзүү маселелери каралды. Ошондой эле студенттер үчүн аталган окуу жайдын даярдоо бөлүмүн ачуу, студенттер менен окутуучулардын академиялык мобилдүүлүгүн өнүктүрүү жана илимий-билим берүү тармагындагы кызматташтыкты кеңейтүү боюнча пикир алмашуу болду.

Делегациянын курамында KNUнун эл аралык кызматташтык бөлүмүнүн директору Юн Жи Ён, эл аралык иштер боюнча вице-президенти Ким Ик Хён, Глобалдык таланттар тармагы борборунун директору Ли Мин Хи болду.

ОшМУ тараптан тышкы байланыштар боюнча проректор Курсантбек Аттокуров, Академиялык саясат жана билим берүүнүн сапаты башкармалыгынын директору Ибрагим Атабаев, Эл аралык байланыштар департаментинин башчысы Айнура Өзгонова катышты.

Иш сапардын алкагында KNUнун өкүлдөрү ОшМУнун студенттери менен жолугушуп, билим берүү мүмкүнчүлүктөрү тууралуу маалымат беришет. Ошондой эле делегация Кинг Седжон институтунун ишмердүүлүгү менен таанышат.

Эске салсак: ОшМУ менен Канвон улуттук университетинин ортосунда кызматташтык боюнча меморандум 2025-жылдын ноябрь айында түзүлгөн. Андан бери бир катар иштиктүү жолугушуулар, биргелешкен демилгелер өткөрүлүп келет.

З.Нуралиева, ОшМУнун басма сөз катчысы.

Акбар Абдуллаев сыймыктуу кыргыз мушкери

Акбар Абдуллаев — аралаш күрөш боюнча кыргыз мушкери. Ал 1997-жылы 21- сентябрда Кара-Суу районунун Мады айылында туулган. Профессионалдык рекорду: 14 жолу беттешкен жана уткан.Утулуу болгон эмес.



Мушкер 10 жашынан күрөш менен машыгат, 20 жашынан баштап аралаш күрөшкө өткөн. 2026- жылдын 15- сентябрында Dana White's Contender Series тандоо турунда бразилиялык мушкер Эднилсон Барроса Сантосту 19 секундда нокаут менен жеңип, UFC менен контракт түздү. Акбар Абдуллаев UFC менен контракт түзгөн кыргызстандык биринчи мушкер болуп саналат. Профессионалдык ММА боюнча Акбар Абдуллаев 2020 -жылы FMR Fighting Championship турниринде Курбон Аминовду техникалык нокаут менен биринчи раундда жеңген. 2022- жылы RCC боюнча эки жолу күрөшкө чыккан жана жеңишке жеткен. Ошол эле жылы июнда Константин Смирновду биринчи раундда жеңген, сентябрда Александр Трескинди техникалык нокаут менен жеңген. 2023-жылы Абдуллаев ONE Championship менен контракт түзүп, 2025- жылга чейин беттешүүлөргө катышкан. Бул мезгилде беттешүүгө катышып, баарында тең жеңишке жеткен.

2026 -жылдын 15- сентябрында Бразилиялык мушкер Эднилсон Барроса Сантосту өзгөчө ыкма менен жеңип, укмуштуудай таанылган Акбар Абдуллаев дүйнөнү таң калтырды. Анткени ал 19 секундда атаандашын нокаут менен жеңген. АКШда, Лас-Вегаста өктөн бул беттешүүдө бразилиялык Эднилсона Сантосту анын секунданты , UFCстин чемпиону Алекса Перейраны, беттештин промоушени Дэйна Уайтты жана дүйнөнү таң калтырган жердешибиз Акбар элибиз үчүн чоң сыймык. Дэйна Уайт Акбарды бул күрөштөгү он жылдык мезгилдин ичиндеги башкы талант деп баалаган. Бул жеңиши менен 28 жаштагы мушкер Акбар Абдуллаев планетанын күчтүү лигасына кошулду жана ONE Азиялык лигасынын чемпиону болду.

Жердешибиз жана сыймыгыбыз Акбар Абдуллаев үч жашынан ата -энеси менен РФнын Пермь облусундагы Чайковский шаарында жашаган. Ал жерде жаш кезинен спорт менен машыгып, тай боксу, кикбоксинг менен алектенген. Мектепти аяктаган соң, колледжге тапшырган, бирок, окуунү бүтө элегинде Кыргызстан мекенинде аскерде кызматын өтөгөн. Мекенде аскер кызматын өтөгөн соң, Москва шаарына барат. Муай-тай менен машыгат, машыгуу залына, турак жайга төлөө үчүн акча каражатын табуу максатында заводдо ширетүүчү болуп иштейт. 11 сааттап түнкү нөөмөттө иштеп жүрөт. Башка да түрдүү жумуштарда иштейт. Мекенге кайтып, таксист жумушун да аткарат. 2022-жылдан баштап профессионалдык аралаш күрөшкө олуттуу кирише баштайт. Дебюттук күрөштө жогоруда айткандай, тажикстандык Курбон Аминовду жеңет.

Кыргызстанда Акбар Абдуллаев жергиликтүү WEF (World Ertaymash Federation) лигада күрөшөт. Үч жолку күрөштө катар жеңишке жетишип, лиганын Гран-при сыйлыгын утат. 2023-жылы мушкер Абдуллаев ири Азиялык уюм ONE Championship менен келишим түзөт. Бул уюмдагы дебютта ал 44 секундда Түштүк Кореялык Хо Тхэк Ону жеңет. Эквадорлук Аарона Каньяртени нокаут менен 41 секундда жеңет. Андан соң, Акбар турциялык жеңилбес Халил Амирди жеңет.

2025-жылы январда Акбар ONE Fight Night 27 турниринде көптөгөн жылдар ичинде уюмдун чемпиону болуп келген кытайлык Тан Каяны жеңет. 2025-жылы сентябрда ONE on Prime Video 35 турнири-



ринде үчүнчү раундда россиялык Ибрагима Дауевди жеңди.

Акбар Оштогу Al Munar Team клубунда машыгат, Tiger Muay Thai Таиланд кемпинде, АКШда, Флоридадагы American Top Team залында (Арман Царукян жана Мовсар Евлоевдердин жанында) да машыгуулардан өтөт, ошондой эле Дагестанда Абдулманап Нурмагомедовдун мектебинде Исламом Махачев менен машыгууларда болот.

2026- жылдын сентябрындагы DWCS-теги жеңиши менен Акбар Абдуллаев Кыргызстандын UFCтеги, бешинчи атаандашы болуп, Валентина Шевченконун, Мыктыбек Оролбайдын, Уран Сатыбалдиевдин жана Муртазали Магомедовдун катарына кошулду.

Акбардын күрөштөгү каймана аты — Бакал жана бул руху бийик, эр жүрөк дегенди билдирет. Акбарга мындан кийинки беттештеринде да жеңиштерди каалайбыз. Кыргыз элинин даңкын чыгарып, Кыргызстандын Желегин бийик желбирете берсин!

К.Кыдыралиева.

Ош- спортту сүйгөн шаар

Ош шаардык дене тарбия жана спорт комитети спорттун 21ден ашык түрү менен машыгуу жүргүзүп жаткан 5 спорт мектептин ишмердүүлүгүн координациялоо, шаар аймагында дене тарбия жана спортту өнүктүрүү, анын түрлөрүн жайылтуу, калкты сергек жашоо образына тартуу, балдар-өспүрүмдөр спортун өнүктүрүү жана жогорку жетишкендиктерди колдоо багытында иш алып барган муниципалдык мекеме. Биздин кабарчыбыз аталган комитеттин башчысынын орун басары Мурат Абдылумутович Ормушовго жолугуп, аны менен быйылкы жылы жүргүзүлгөн жумуштар тууралуу маектешип кайткан.



- Мурат Абдылумутович, үстүбүздөгү жылы Ошто спорт мектептеринин жана шаардын деңгээлинде кандай спорттук иш-чаралар өткөрүлдү. Маекти ушул маалыматтардан баштасак?

- Быйылкы жылы шаардык деңгээлде 53, спорт мектептеринин деңгээлинде 27 спорттук иш-чара болуп өттү. Анын ичинен Ош шаарында Кыргыз Республикасынын ордо оюну боюнча чемпионаты, оор жана жеңил атлетика боюнча Кыргыз Республикасынын биринчиликтери, Кыргыз Республикасынын дзюдо боюнча кубогу, ошондой эле бокс, карате-до, тогуз коргоол боюнча эл аралык турниры өткөрүлгөндүгүн баса белгилеп өтүү зарыл.

- Ош шаарынын спортчулары үстүбүздөгү жылдын январдан сентябрь айына чейин канча мелдештерге катышышты. Анын жыйынтыгы кандай болду?

- Бул аралыкта Ош шаарынын спортчулары 109 мелдешке катышып, 242 медалга ээ болушту. Анын ичинен 81и алтын, 73ү күмүш, 88и коло. Шаардык спортчуларыбыздын ичинен 22си Кыргыз Республикасынын чемпионатына, 24и эл аралык турнирлерге, 18и Кыргыз Республикасынын ачык чемпионатына, алтоо Кыргыз Республикасынын биринчилигине, 12си республикалык деңгээлдеги турнирге, экөө Кыргыз Республикасынын турнирине, экөө Дүйнө кубогуна жана Дүйнө чемпионатына, үчөө Азия чемпионатына, 20сы окуу машыгуу сборлоруна катышып келишти.

- Алардын арасындагы Азия, Дүйнө чемпионатына жана Дүйнө кубогуна катышкан спортмендердин ысымын атай кетсеңиз?

-2026-жылы 2- 12 мартында 35 өлкөнүн спортсмендери катышкан Черногориянын Бутва шаарындагы өткөн бокс боюнча Дүйнөнүн жаштар кубогунда 80 кг салмактагы Оштук боксер Искандар Расулжанов үчүнчү орунду ээлеп кайткан. Ташкентте 1-16 майда болуп өткөн бокс боюнча Азия чемпионатында 49 кг салмактагы Кенешбеков Аруунбек 2-орунду ээлеп кайтты. Ошол эле чемпионатта Жоробаев Нуртилек жана Джуробаев Зубаир коло медаль алууга жетишти. 24-28-июнда Манилада (Филиппиндер) өткөн самбо боюнча Азия жана Океания чемпионатында 64 кг салмак менен Шаршенов Даниэль жана 88 кг салмактагы Эркебай ууду Бектен алтын, Төрөбек Темирбек уулу күмүш медалга ээ болгон. Тимурлан Токтоболотов 3-орунга чыккан. Тайланддын Паттайя шаарында 27-30-июнда өткөн грек-рим күрөшү боюнча Азия чемпионатында Мааданбеков Умар 3-орунга чыгып, коло медалга ээ болгон.



-Кийинки жылдарда комитет тарабынан адаптивдүү жана паралимпиялык спорттун түрлөрүн өнүктүрүүгө көңүл бурулуп жатат. Сөз багытын ушул тарапка бурсак?

- Ош шаарында бир топ мүмкүнчүлүгү чектелген жарандарыбыз жашайт. Мындай адамдарды спортко тартуу, алар үчүн спорт чөйрөсүн түзүү - ушул категориядагы жердештерибиздин күндөлүк жашоосу кызыктуу кыла турган, жашоого умтулуусун ойгото турган фактор. Ошондуктан бул маселеге да олуттуу көңүл бурулуп жатат. Кыргызстанда мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар үчүн ылайыкташтырылган паралимпиадалык бочча спорт оюну барган сайын популярдуу болуп, атайын федерация болуп түзүлгөн. Ош шаарында бочча оюну боюнча мелдеш өткөрүлдү. Бул мелдеште Өзбекстандык спортсмендер да чакыртылып, жыйынтыгында Кыргызстандыктар чоң ийгиликтерге жетишишти.

-Өткөн жумада Ош шаарынын күнү белгиленип, ал спорттук иш чаралар менен коштолду. Ушул иш-чаралар тууралуу баяндап берсеңиз?

-Сиз туура байкагандай, шаар күнүнө карата масштабдуу спорттук иш чаралар өткөрүлдү. Ал 27-сентябрда башталып, 500дөн ашуун адам катышкан чуркоо марафону өткөрүлдү. Кийинки күндөрү оор атлетика жана “воркаут” боюнча Ош шаарынын ачык биринчилиги, жогорку окуу жайларынын студенттери жана окутуучулары арасында өткөрүлгөн ордо оюн жана Ош шаарынын ачык чемпионаты уюштурулду.

Ош шаарында өткөн бокс боюнча эл аралык турнирин WBC Amateur TURKSOY уюму колдоого алып, анын алкагында кызыктуу беттештер уюштурулду. Рингде ар кайсы өлкөлөрдөн келген жаш мушкерлер күчүн, мүнөзүн жана чыныгы спорттук духун көрсөтүштү. Регионалдык “WBC Asia” уюмунун колдоосу менен бокс боюнча өткөрүлгөн эл аралык турнирге дүйнөлүк белгилүү боксер кичүү Рой Джонсдун катышуусу Ош шаарынын кадыр-баркын бийик көтөрдү.

Маектешкен:
Төлөнбай
АБДЫРАЗАКОВ.

АДИСТЕРДИ ДАЯРДАГАН ЗАМАНБАП ЛИЦЕЙ

Каримова Шайыргүл Баймурзаевна Ноокат районундагы Кыргыз-Ата айыл өкмөтүнүн Көтөрмө айылында туулган.Үй-бүлөдө 7 кыз, 3 уул. Ата-энеси он баланын баарын окутту, жогорку билимге ээ болушту. Алардын ар кимиси ар түрдүү кесиптин ээси болушуп, мамлекетибизге өздөрүнүн үлүшүн кошуп келишүүдө.

Шайыргүл айым айылдагы орто мектепти аяктаган соң, 1995-жылы Ош мамлекеттик университетинин тарых факультетине тапшырып, 2000-жылы окуу жайды ийгиликтүү аяктайт. Эмгек жолун Ноокат районундагы Кара-Кокту айылындагы мектептен баштайт. Андан кийин «Көк-Жар» айыл өкмөтүндөгү Маданият орто мектебинде эмгектенет. «Салык экспресс» газетасында кабарчы болуп иштеген, кийин аскердик чалгындоо борборунда кызмат өтөгөн. Кайрадан «Салык экспресс» газетасында иштейт. Кийин мугалимдик кесибин улантып, Ош шаарындагы Он-Адырдагы өзбек мектебинде тарых, кыргыз-тили жана адабияты сабагынан окуучуларга билим берет. Үй-бүлөлүү, жолдошу экөө бир кызды тарбиялашып, ал Кытай мамлекетиндеги университетте билим алууда. Шайыргүлдүн атасы Карим да мектепте өмүр бою окуучуларга билим жана тарбия берген чыныгы мугалим.



2022-жылдан бери Ноокат районундагы Жаңы-Ноокат айыл өкмөтүнүн аймагындагы № 58-кесиптик лицейинде директор болуп эмгектенип келе жатат. Лицейде азыркы учурда 488 окуучу билим алышууда. Алар үчүн китепкана, ашкана, спорттук аянтчалар, практикалык сабак өтүүчү жайлар бар. Жалпысынан алганда, 107 адам иштейт, алардын ичинен 28 мугалим, 28 устат окуучуларга билим беришет. Окуу корпусунда брусчатка бастырылган, баскетбол ойноочу аянтчага асфальт төшөлгөн.

«№ 58- кесиптик лицейинде буга чейин 5 кесип окутулган, атай кетсек: фермердик айыл чарба өндүрүшүнүн устаты, тигүүчү, ширетүүчү, токарь. 2023-жылдан баштап 4 кесипти, 2025-жылдан баштап 8 кесипти киргиздик, жалпысынан алганда, 12 кесип боюнча лицензия алуу иши биз үчүн оңойго турган жок дейт,-Шайыргүл айым.

Жогорудагы ачкан ар бир кесиптин өзүнө жараша лаборатория, устакана, ачыша албады, бирок, кичинекей болсо дагы бөлмөлөргө балдарды үйрөтүүгө шарттарды түзүп беришкен. Ашпозчу кесибинде билим алгандар үчүн окуу бөлмөсүн ашар жолу менен куруп алышкан. Ал эми мастер-мугалимдер үчүн өзүнчө кабинеттер жокко эсе.

Ош облусттук Эл депутаттарынын Кеңешинин токтому менен 1984-жылы 1 га. 80 сотых жер берилген болсо, азыркы күндөгү жалпы аянты 60 гана сотыхты түзөт. Кесиптик лицейдин 31 гектар көмөкчү чарбасы бар болчу, азыркы күндө 9 гектар жери кайрак жана пайдаланууга мүмкүн болбогон жерлер, 10 га. сугат жери бар, анын 40 пайызы топуракту, 60 пайызы таштактуу жер, эгин эгүүгө мүмкүн эмес, беде себилет.



10 га жер аянтында багы бар, калган 2 га. жерге 2025-жылы алманын жана шабдалынын көчөттөрүн отургузушкан.



«ЭНЕ ТИЛИМ-УЛУТУМДУН УЛУУ ДӨӨЛӨТҮ»

2026-жылдын 23-сентябрында мамлекеттик тил күнүнө карата № 58 кесиптик лицейинде кыргыз тилинин маанисин түшүндүрүүгө жана окуучуларды мекенчилдикке тарбиялоого багытталган иш-чара болуп өттү. Мында тайпалардын окуучулары чыгармачылык жөндөмдөрүн көрсөтүшүп, кыргыз тилине арналган көркөм номерлерди аткарышты. Программада ыр күүлөр, көркөм окуулар жана сахналык көрсөтүүлөр уюштурулуп, улуттук баалуулуктар менен кыргыз тилинин өзгөчөлүктөрү айтылды. Иш-чаранын жүрүшүндө кыргыз тили улуттук өзгөчөлүктү, тарыхты жана маданиятты сактоонун маанилүү каражаты экендиги белгиленди. Мамлекеттик тилди урматтоо, аны сактоо жана өнүктүрүү ар бир атуулдун милдети экендиги айтылды.

Соңунда, № 58 кесиптик лицейдин директору Шайыргүл Каримова тарабынан активдүү катышкан окуучуларга Ардак грамота тапшырылды.

КЕСИПТИК ЛИЦЕЙДИН ТҮЗҮЛҮШҮ ЖАНА ӨНҮГҮШҮ

№ 58 Кесиптик лицейи 1972-1974-жылдары Караван айылындагы Н. Мусаев атындагы № 8 кесиптик- техникалык окуу жайынын филиалы болгон. Ошол жылдардын аралыгында 200дөн ашуун окуучулар кесип ээлери болуп чыгышкан. 1984-жылдан баштап №58 айылдык кесипчилик -техникалык билим берүү боюнча окуу жайы ачылып, 56 инженер-педагогдор эмгектенишкен. «Кеңири профилдеги тракторист-машинист», автоунаа айдоочу адистиги боюнча окуу 3 жыл окуу мөөнөтү менен ачылган. 1984-2008- окуу жылына чейин төмөндөгү адистиктер боюнча кадрлар даярдалган:

-Кеңири профилдеги тракторист машинист (3 жылдык мөөнөт менен);

-Азык- түлүк продукциясынын сатуучусу (10 айлык мөөнөт менен);

-Электромонтер «С» категориясындагы айдоочу (10 айлык мөөнөт менен);

-3-разряддагы тигүүчү (10 айлык мөөнөт менен);

-Жыгач устаты (10 айлык мөөнөт менен);

-Тамекичилик устаты (10 айлык мөөнөт менен).

2008-окуу жылынан баштап кесиптик лицейи болуп атала баштайт. 2022-жылга чейин орто билим берүү менен бирге 5 кесип боюнча билим беришти. 2023-жылдан баштап кесиптик лицейинде замандын талабына жооп берген кесиптер боюнча окутуу иштери керектүү шарттар менен жолго коюлду.

Азыркы учурда № 58 кесиптик лицейинде 3 жылдык окуу мөөнөтү менен окуучуларга төмөнкүдөй адистиктер окутулат:



1. "Айыл чарба өндүрүшүнүн устаты (фермер).
2. Өтүк тикмечи.
3. Тигүүчү.
4. Ширетүүчү.
5. Программалык башкарылуучу станоктордун оператору.
6. Слесарь-сантехник.
7. Web жана мультмедиялык тиркемелерди иштеп чыгуучу.
8. Өсүмдүк өстүрүүнүн устаты, (фермер).
9. Ашпозчу-кондитер.
10. Саякатты уюштуруучу.
11. Электр жабдууларын оңдоо жана тейлөө боюнча электромонтер».
12. Жалпы курулуш иштеринин устаты», (кыш кыноочу).
13. Ички курулуш иштер устаты (отдельшик).
14. Официанттык бармен.

Жогорудагы кесиптердин ар бири 3 айлык кыска мөөнөттүү курстарга да окутулат:

1. Тигүүчү.
2. Электр жана газ менен ширетүүчү.
3. Ашпозчу.
4. «В» жана «С» категориясындагы автоунаа айдоочу.
5. «А» категориясындагы тракторист-машинист.

Бурма Ысакова.

Кызмат жолунда калыптанган жаш жетекчи

Нурбек Илязбаевич Илязбаевдин эмгек жолу тажрыйба топтоо, жоопкерчилик жана кызматтык өсүү баскычтарынан турат. 1992-жылдын 30-сентябрында Ош облусунун Ноокат районундагы Кыргыз-Ата айылында туулган Нурбек Илязбаев Ош мамлекеттик юридикалык институтунда билим алып, юриспруденция адистигине ээ болгон.

Нурбек Илязбаев аскердик кызматын өтөгөн соң, 2019-жылы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппаратында стенографист болуп эмгек жолун улантып, кийин аппаратта жетектөөчү адис кызматын аркалаган.



2021-жылы КР Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппаратында жетектөөчү адис, башкы адис болуп иштеген. 2023-жылы Аламүдүн райондук мамлекеттик администрациясынын уюштуруу иштери, документтик камсыздоо жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу бөлүмүндө башкы адис болгон. Кийин аталган администрациянын социалдык коргоо, саламаттыкты сактоо жана билим берүү бөлүмүнүн башчысы кызматын аркалаган. Андан соң



Ош шаардык мэриясынын Муниципалдык менчик башкармалыгынын ижарага берүү бөлүмүндө башкы адис болуп иштеген. Эмгек жолун «Обөекттерди башкаруу боюнча дирекция» мамлекеттик ишканасынын укуктук камсыздоо бөлүмүндө башкы адис кызматында улантып, ушул эле мамлекеттик ишканасынын «Тураталы базары» филиалында начальниктин орун басары болуп иштеген. Кызматтагы эмгеги Ош облусунун губернаторунун жана Аламүдүн райондук мамлекеттик администрациясынын акиминин Ардак грамоталары менен белгиленген. Учурда Нурбек Иязбаев Кара-Суу районунун Манас айыл өкмөтүнүн башчысы кызматына дайындалып, жең түрүнө ишке киришкен кези.

Элдин үнүн укkан жетекчи иштин нугун табат

Кара-Суу районунун мурунку Нариман, бүгүнкү Манас айыл өкмөтүнө болгон иш сапарыбызда аймактын өткөнү менен бүгүнкүсүн салыштырып, алдыдагы максаттарына көз чаптырууга мүмкүнчүлүк түзүлдү. Бул жерде жаңы дайындалганына көп боло элек, бирок, убакыттын тардыгына карабай аймактын көйгөйлөрүнө баш-оту менен киришип, ишти илгерилетүүгө аракет кылып жаткан жаш жетекчи Нурбек Илязбаев менен баарлаштык.

Жаш жетекчинин ишке болгон мамилесинен биринчи кезекте бир нерсе байкалды, кабинетте отуруп чечим чыгаргандан көрө, айыл аралап, эл менен жүзмө-жүз сүйлөшүүнү туура көрөт. Манас айыл өкмөтүндө бүгүнкү күндө 14 калктуу конуш бар. Алардын үчөө расмий түрдө айыл статусун ала элек болгону менен, калкы көп, өз алдынча чоң конуштарга айланып калган. Алардын экөөнө айыл статусун берүү боюнча тиешелүү документтер Жогорку Кеңешке жөнөтүлгөн. Аймакта 50 миңге жакын калк жашайт. Кожолуктардын саны 9507ни түзөт. Билим берүү тармагында 13 мектеп, 9 бала бакча эмгектенсе,



саламаттык сактоо системасында бир ооруканa жана 7 ФАП элге кызмат көрсөтөт. Мындан тышкары, эки китепкана менен бир маданият үйү калктын руханий керегин өтөп келет.

Ошко жакын аймактын жоопкерчилиги да чоң

Манас айыл өкмөтүнүн географиялык жайгашуусу да өзгөчө. Аймак Ош шаарына чектеш турат. Калктын басымдуу бөлүгү жеке ишкердик, мамлекеттик кызмат, дыйканчылык жана мал чарбачылыгы менен алектенет. Мындан тышкары, Ош эл аралык аэропортуна кеткен жол ушул аймакты аралап өткөндүктөн, Манас айыл өкмөтү келген меймандардын көзүнө биринчи урунган аймактардын бири. Демек, жол боюнун тазалыгы, көчөлөрдүн көрктүүлүгү, айылдардын иреттүүлүгү аймактын жүзү болуп саналат. Бул жагдайды жетекчи Нурбек Илязбеков да өзгөчө көзөмөлгө алганын байкадык.

Таза суу-элдин эң чоң тилектеринин бири

Аймакта социалдык мааниси чоң бир катар долбоорлор ишке ашырылууда. Европа Биримдигинин өнүктүрүү фонду аркылуу айылдарга таза суу жеткирүү боюнча иштер кызуу жүрүп жатат. Долбоор ийгиликтүү аяктаса, аймактагы беш айыл таза суу менен камсыз болуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болот. Ал эми Лангар айылында жаңы бала бакчанын имараты курулуп жатат. Билим берүү тармагын колдоо да жетекчинин иш планынын маанилүү бөлүгүн түзөт. Каратай айылындагы музыкалык мектептин, Кызы-Мээнет айылындагы бала бакчанын жана Нариман айылындагы Чыңгыз Айтматов атындагы мектептин имараттарында капиталдык оңдоо иштери жүргүзүлүүдө. «Мындагы калктын ынтымагына баа берип келем. Кандай иш баштабайлы, элдик салым кошууга активдүү жардам берип турушат. Элден айланса болот»,-дейт Нурбек Илязбеков.



Жол-айылдын күрөө тамыры

Айылдагы жашоо жол менен түз байланышта. Ушуну эске алган жергиликтүү бийлик жолдорду оңдоого да басым жасап жатат.Демөөрчүлөрдүн жардамы жана жергиликтүү бюджеттин эсебинен Беш-Мойнок айылына асфальт төшөө иштери жүргүзүлгөн. Нурдар айылында болсо республикалык бюджеттин алкагында жолго асфальт төшөлүүдө.

Жетекчинин айтымында, бул иштердин баары алдын ала түзүлгөн пландын негизинде улантылат. «Бул кызматка келгениме



көп убакыт боло элек. Бирок, иштин көзүн таап кетүү үчүн атайын пландарды иштеп жатам. Калктын муктаждыктарын чечип, айыл элине жакшы шарт түзүп берсем деген тилегим бар. Албетте, бардык пландарымды ишке ашырууга алган билимим жана топтоп жаткан тажрыйбам жетиштүү деп ишенем. Ар бир жетекчи ошол тармакты өнүктүрөйүн деп келет. Мен да артымдан жакшы сөз, жылуу пикир калтырышты каалайм»,-дейт жаш жетекчи.

Алгачкы кадам-селкананын коопсуздугу болду

Нурбек Илязбаев жетекчилик кызматка келгенден кийинки алгачкы иштеринин бири катары Беш-Мойнок айылындагы каралбай калган селкананы оңдотууга көңүл бурган.

Бул, балким, сыртынан караганда жөнөкөй эле чарбалык иштей сезилиши мүмкүн. Бирок, сел жүрүү коркунучу бар аймак үчүн анын зарылдыгы чоң. Күздүн нөшөрү, кыштын ызгаары, жаздын жаан-чачыны жаратылыш кырсыгынын коркунучун күчөтөрү белгилүү. Селкананы оңдоп-түзөө иштери аяктагандан кийин эки жээкти бириктирген көпүрө да элдик салымдын негизинде курулуп, жолдор иретке келтирилген. Лангар айылындагы жолдорго мурда төгүлгөн, бирок, тегизделбей калган шагыл да атайын техникалардын жардамы менен жайылып, жолдун абалы жакшыртылган.

«Келерим менен ар бир айылда элдик жыйындарды өткөрдүм. Калк менен жолугушуп, алардын арыз-муңун, көйгөйлөрүн уктум. Баарын иш-планыма киргиздим. Мен келгенге чейин жергиликтүү бюджет бекитилип калгандыктан, айрым иштерди келерки жылдын планына коштук. Буюрса, алдыда аткара турган иштерибиз көп»,-дейт айыл өкмөт башчысы.

Жер маселеси-чоң түйшүк

Ош шаарына жакын жайгашкан Манас айыл өкмөтү үчүн жер маселеси да оңой эмес. Учурда Ачы массивиндеги 215 гектар жер трансформацияланган. Башкы планды иштеп чыгуу иштери жүрүп жатат. Ал эми жер участогуна муктаж беш миңдей тургун кезекте турганы айтылды. Мындай шартта жерди туура пландаштыруу, калктын муктаждыгын эске алуу жана жаңы конуштарды иреттүү өнүктүрүү-алдыдагы негизги милдеттердин бири экенин аймак башчысы айтып өттү. «Азыр зарыл иштерди пландап жатам дедим эле. Ошолордун бири-Беш-Мойнок айылына бала бакча куруу. Бул маселени да алдыбызга максат кылып койдук»,-дейт Нурбек мырза.

Инвестицияга жол ачык

Аймакта пайдаланылбай жаткан же түшүмдүүлүгү төмөн жерлер да бар. Таштак тилкелер менен катар туристтик мүмкүнчүлүгү бар жерлер кездешет. Жетекчи мындай ресурстарды инвесторлорду тартуу аркылуу өнүктүрүүгө ниеттенүүдө. «Бизде кунарсыз, таштак жерлер да бар. Туристтик жайлар да кездешет. Ошол жерлерди өнүктүрүү үчүн инвесторлор менен иштөөгө даярбыз»,-дейт ал.

Жаш жетекчинин дагы бир артыкчылыгы-айыл башчылары жана депутаттар менен иштешүүгө өзгөчө маани бергенин жазбасак болбос. «Айыл башчыларыбыз аябай патриот экен. Эч бир көйгөйдү көмүскөдө калтырбай, аны чечүүнүн жолдорун издешет. Бардык айылдарда болуп жаткан иштерден кабардар. Элди ынтымакта кармап турууга тажрыйбалары жетиштүү. Депутаттар да ынтымакта, иштин көзүн билген эл өкүлдөрү экен. Мындай шартта иш да ырааттуу жүрүп, журт да тынч болот деп ишенем»,-дейт аймак башчысы.

Жаштык-тажрыйбасыздык эмес

Манас айыл өкмөтүндө жалпысынан 32 кызматкер эмгектенет. Алардын арасында тажрыйбасы мол адистер менен катар жаш кадрлар да бар. Жамааттын бир жеңден кол, бир жакадан баш чыгарып иш алып барганы байкалат.

Жооптуу катчы Ырыскан Орокбаева документ иштерин так жүргүзүп, кат-кабарлардын жоопсуз калбашын камсыз кылып келет. Ал эми финансы багытында башкы эсепчи Клара Айдарова эсеп-кысапты так жүргүзүп, казына иштеринин ырааттуулугуна жооп берүүдө. Салык кызматынын адиси Улук Уринбаев да өз милдетин так аткарып, жергиликтүү бюджеттин толукталышына салым кошуп келет.

Жамааттагы улуулар жаштарга тажрыйбасын өткөрүп, жаштар жаңы дем менен иштеп жаткандай таасир калтырат.

«Жаш раис» деген ишеним

Биздин баамыбызда, Нурбек Илязбаев -жаштыгына карабай жоопкерчиликтин жүгүн сезип, ишти сөздөн мурда аракет менен көрсөтүүгө умтулган жетекчи.

Анын иш бөлмөсүндөгү сөздөрүнө караганда, алдыда жасала турган жумуштар арбын. Бирок, ошол эле учурда эң негизгиси-көйгөйдү жашырбай, аны чечүүнүн жолун издөө аракети бар. Жергиликтүү тургундардын пикири да ушуга үндөшөт.

«Бизге келген жетекчибиз жаш болгону менен, жумуштан майын чыгарган курч жетекчи экен. Жаш “раистен” көп жакшы иштерди үмүт кылып жатабыз»,-дешет алар. Чынында, жетекчинин жашы эмес, элдин ишенимин актай алган аракети маанилүү экени талашсыз. Манастын жаңы жетекчиси азырынча жолдун башында турат. Ал эми бул жолдун канчалык узак жана жемиштүү болору убакыттын сыноосунан көрүнөт. Бирок, Нурбек Илязбаевдин бүгүнкү кадамдарынан эле бир нерсени байкадык-жаш жетекчинин көкүрөгүндө дем, оюнда план, элге кызмат кылууга болгон ниети бар. Эми ошол ниетти туруктуу ишке айландыруу гана калды.

Н.ӨМҮРЗАКОВА.

БАСМА-ПОЛИГРАФИЯДА КАДЫРЛУУ ИНСАН ЭЛЕ


Жашоо өмүр шайкештенүү менен өтө бергени пендең түшкүргө баардыгына табышмактай сезилгени чымындай жандын чыркыраган бойдон сыр дүйнөгө кеткенде гана адам оорду жоктолгону менен кызык чындыктай сезилгени баардыгыбыздын башыбызда кездешээри айныгыс чындык экен. Бул пенде баласы түбөлүктүү сырдуу дүйнөгө кеткенде гана табышмактуулугу желкеңди желкелегенде гана ынанымга келгениң боор этиңден тапкан балдарың, тууган турушкан жакындарың, бир туугандарың эңшерип оордуңду жоктоп зар какшаганда гана эзелкилерди эске сала жер сыйпалап карайлаганың өзүнчө сырдуу чындык окшобойбу.

Мына ушундай чындык адам баласынын ар биринин тагдырында мизин такап турганы аркылуу сүрдүүлүгү бардай. Бул нерсе ар бирибиздин желкебизде турганы турган. Мындан ажал деген маниси улук жолдон эч качан кыйгап кетүүгө болбостугу кашкайган көрүнүш. Бул ааламдан адамдар ажалы жеткенде кете берет экен.

Эл арасында кандай жашоо кечиргени анын артында калган эмгеги, эл үчүн кылган кызматы жашоодогу оорду ажалы жетип акка моюн сунган соң, баалуулугу билингени пенденин кийинки муундарга кадырын көтөргөнү да маркумдун кимдигине келип такалганы өзгөчөлөнөт экен.

Ушундай баалуу өмүрдү кечиргени Маматалиев Мухтар авабыз да ажалга моюн сунганы менен таасынданып турат. Мухтар ава 75 жашында карылыктын сый-урматынын балдай таттуу мезгилине келген чырымда күтүүсүздөн жалган дүйнөдөн чын дүйнөгө сапарга кете берди. Ал эл үчүн, жер үчүн ак, таза жашагандыгы, эл оозунда айтылган эскерүүлөрүнөн байкалгандыгы аркылуу коомчулукта үлгүлүү болууга татыктуу экендигин таасын байкоого болот. Мухтар ава 1951-жылы 1-январда кыш чилденин каардуу күнүндө жарык дүйнөгө келген экен. Жаштыгы, балалык учуру өткөн кылымдагы Улуу Ата Мекендик согуштан кийинки өлкөнү калыбына келтирүү мезгилдеги жашоого туш келет.

Балалык кези өзү төрөлгөн азыркы Жалал-Абад облусунун Сузак районундагы Кыргыз элинин ооз эки жана жазма адабиятындагы классик акын катары таанылган Барпы Алыкулов атындагы айылда өтөт. Жаштык чагындагы ойнооку таза сезимдери, зиректиги менен өз курбалдаштарынын арасынан тез эле өзгөчөлөнөт. Ата энесинин оорун колдон, жеңилин жерден алган тил билги өспүрүм болуп чоңоёт. Ал төрт бир туугандын ичинен мектепте жакшы окугандыгы менен ата энесинин сүймөнчүлүгүнө айланат. Орто билимди айлындагы орто мектептен алат. Сабактарды мыкты өздөштүргөндүгү менен эжеке агайлары аны кошо окуган классташтарына үлгү катары тариздешет. Анан калса спортко жакындыгы өзгөчө волейбол, баскетбол оюндарын мыкты ойногондугу ошол учурдагы мектептер арасында өткөрүлгөн райондук, шаардык мелдештерде жакшы көрсөткүчтөрдү камсыздап, өзүнүн мыктылыгын көрсөткөндүгү аркылуу башкалардан айырмалангандыгы менен тез эле окуучулар арасында аты таанылып баштайт. Мезгил учкан куш дегендей жаштык балалык кези тез эле өтүп кеткен сыяктанат. Мектепти эң жакшы жүрүм туруму менен аяктаган, балтыр эти ката элек Мухтар Маматалиев андан ары окуусун улантуу максатында көптүн бири катары жогорку малыматтуу болуу милдетин коёт. Анан калса Сузак айылы Жалал-Абад шаары жандаш жайгашкандыктан ар улуттун элинин арасында зоройгондуктун таасиринде орус тилин да жакшы өздөштүрүүгө жетишет. Мектепте окуп жүргөндө физика, математика предметтерин сүйүп окугандыктан келечекте техникалык жактан билим алууну көздөйт. Ошол учурдагы мейкиндиги кенен совет өлкөсү мыкты мектепти артыкчылык менен аяктаган окуучуларга сынактардан жеңилдиктерди кароо менен борбордук жогорку окуу жайларына кабыл алууну жер жерлерден, Союздук республикалардан жүргүзүп турган учуру болот. Ушундан пайдаланган Мухтар ава да 1960-жылдардын аяк чендеринде ошол учурдагы СССР өлкөсүнүн борбору аталган Москва шаарындагы Полиграфиялык-Инжинердик жогорку окуу жайына кесиптик жогорку билим алууга тапшырат. Пландалган кирүү сынактарынан ийгиликтүү өткөн соң аталган институтун студенти болуп калат.



Ал учурда Полиграфия жагы Кыргыз Республикасында анчалык өнүкпөсө да Москвадан даярдалган жогорку инжендик адистиктеги кадрлар саналуу гана боло турган. Бул тармакта иштөөчү орто кесиптик техникалык адистер да андагы Фрунзе шаарында даярдалар эле. Анан калса ал учурдагы мамлекеттик түзүлүштүн идеологиялык талаптарына ылайык адамдарга күндөлүк жаңылыктарды тез жана ийкемдүү жеткирүүдө газетанын ролу негизги маалымат куралы катары чоң эле. Республикада бардык райондордо газета басылып чыга турган типографиялар иштей турган. Бул иштер Мухтар авага жашынан тааныш, жакындан билген өспүрүм катары келечек кесибин ушул тармактан тандоону, жаштайынан эп көргөндүгү бекеринен болбосо керек.

Москвада окуп жүргөндө мектептен алган билимин андан ара өркүндөтүү менен көпчүлүк Союздук республикалардан барган студенттердин арасында Кыргыз элинин уулу катары өзүнүн жөндөмдүүлүгүн окуудагы ийгиликтери менен көрсөтүп жакшы окуган тырышчаактыгынын таасиринде жалпы курсташтарынын арасында сөзгө алынат. Студент курагында активдүүлүгүн көрсөтүү менен Москвадагы башка жогорку окуу жайларында билим алып жүргөн Кыргызстандык досторду тапкан. Ал бардык ийгиликтер окуусунан жакшы билим алуусуна байланыштуу болоруна студент мезгилинде эле терең ишенген. Институттун коомдук иштерине да активдүү катышкан. Жайкысын бүткүл Союздук студенттик курулуш отрядынын курамында Россиянын түпкүрлөрүндөгү курулуш жүргөн жерлерде эмгектенүү менен пайдалуу иштерди аткарган. Ошентип айылдагы ата энесинин каржылык жагына таасирин тийгизбөөнүн аракетинде институтта окуп жүргөн учурларында дээрлик төрт жыл боюу курулуш отрядында болуп өзүн каржылык жактан камсыздап келген.

Ал 1974-жылы Москва шаарындагы Полиграфиялык-Инжинердик жогорку окуу жайын ийгиликтүү аяктаган. Ошол эле жылы эмгек жолун Жалал-Абад шаардык типографияга инженер технолок болуп кызматка орношуу менен баштайт. Жигердүү жаш кесип ээси өндүрүшкө тез эле аралашат. Теориялык алган билимин өндүрүштө билгиликтүү колдонуунун таасиринде коллективге тез эле аралашат. Анын кадырынын жөгөрулашына окуп жүргөндөгү алган терең билими жакшы таасирин бергендигин өзү да баамдап жүргөнүн көпчүлүк учурда жашырчуу эмес.

Үй бүлөөлөсүндө ата энесинен жакшы тарбия алгандыгы, аларга күйүмдүүлүгү аста секинден эл оозуна алынып, ошол учурда үй бүлөө да курат. Бул 1977-жылдар эле. Өмүрлүк жолдошу Шекер чоң эне экөө 1977-жылы баш кошуу менен түтүн булатууга бел байлашат. Алар 45-жыл чогуу жашоонун оор жүктөрүн чогуу тартышып беш перизенттүү болушат. Аларды оордуна коюуда биргеликте татыктуу билим тарбия берүү жүгүн мыкты үй бүлөө катары коомчулуктан оорун табуусуна чоң аракеттерди көрүшөт.

Мухтар Маматалиев Жалал-Абад шаардык типографиясында иштеп жүргөндө өндүрүштүн көп сырларын өздөштүргөн адис катары басма Полиграфиялык иштерде кесипкөйлүгүн көрсөтө алат. Жогорку билимдүү Полиграфиялык адис өзү менен кошо иштегендерге көп жактуу



жардам берүүгө жан дилинен берилгендигинин натыйжасында коллективдин зор кадырлоосуна ээ боло баштайт. Ал өз иш оордунда жакшы ийгиликтерге жетишет. Ушул жерден коммунисттик партиянын катарына кабыл алынат. Типографияда башкы инжинер кызмат оордуна көтөрүлөт. Жакшы иштери коомчулук тарабынан жакшы колдоого алуунун натыйжасында шаардык, республикалык бийликтердин Ардак граматаларын, төш белгилерин алууга жетишет. Иштин көзүн билген өз кесиптик тврмагында мыкты адис катары таанылгандыгынын таасиринде 1984-жылы Ош шаарынындагы облустук типографияга башкы директорлук кызматына которулат. Ошол жылдан тарта типографиянын материалдык техникалык базасын чындоонун үстүндө билимин, тажрыйбасын билгичтик менен колдонуунун таасиринде көп ийгиликтерге жетишет. Коллективде мыкты жетекчи катары таанылат. Ал учурда Ош облустук типографиясынан тарыхы мол "Ленин Жолу", "Ленинский Путь", "Ленин Ийлу" газеталары жуманын беш күнүндө элүү миңдеген тираж менен үзгүлтүксүз басылып турганы типографияда жандуу иштин бар экенинен кабар берчүү. Бул опол

Ал Жалал-Абаддан Ошко которулуп келген соң биротоло Ош шаарына отурукташып калды. Анын бала чакасы да ушул жерде эс тартып үй жайлуу болушту. Ал Шекер байбичеси экөө тапкан беш баласынан он бир неберелүү болушкан. Баары таалим тарбиялуу, үйдүн очогунда өсүп-өнгөндүктөн эл суктанаарлык деңгээлде элдин бири болушкан. Тагдыр экен Мухтар аванын байбичеси өзүнөн алдыраак ажалга моюн сунган. Мунун өзү адам турмушунда жазылган тагдыр тура. Кийин заман өзгөрүлдү. Күрүлдөгөн типографияда заман капсалаңына туш болгону иштин ыргагы басаңдаган. Ошого карабай элден түшкөн, мекеме ишканалардан болгон буюртмалардын үстүндө иштерди аткаруу менен жумуш ыргагы бар. Бара-бара ал дагы солгундап бара жаткансыйт. Типография азыр Ош басмакана ачык акционердик коому болуп кайрадан түзүлгөн. Азыркы учурда мурдагы учурдай газета чыгаруу деген түбүнөн токтогон. Ушундай көрүнүштөргө басма ишиндеги тажрыйбалуу инсан Мухтар Маматалиев соңку учурларда ичинен бушайман чеге сыртына билгизбегендиги менен дайыма кылган эмгегинин коом талабына ылайыкташпай калганына көп өкүнүүдө жүрдү. Анан калса чөйрө да өзгөрдү. Муун алмашып бара жатканына да өкүттүүлүгү бар эле. Ошондон көп жылдык мээнет эмгеги өмүр таразасында калгандыгы аны көп түйшөлттү окшойт. Бирок өмүр бийиктигиндеги жашоосунда бир пенде болсо да артында калгандар кеп кыла жүргөндөй эмгек өтөөсүн өтөдү. Кийинки мезгилдерде киндик кан тамган, туулуп өскөн бала чагы өткөн Барпы айылына байма бай барып турганын тели теңтуштарына көп сөз кыла турган. Ушунун өзүндө уңгулук бар сыяктанчу. Кусалыктын муну тургандай азээттелчү. Эми кайдан мезгил, күндөр өз нугунан жазбай өтө берет тура. Мухтар аванын жарык жашоо менен коштошконуна да кырк күндүн жүзү болгондо аны таанып билгендер, жакын туугандары, бала кезден коюн колтук алышкан достору, балдары, неберелери дагы бир жолу эскерип алышты.

М. Жуманазаров.

Косметология: коопсуздук биринчи орунда

Бүгүнкү күндө косметологиялык процедуралар көпчүлүк адамдар үчүн кадимки өзүнө кам көрүүнүн бир бөлүгүнө айланды. Көптөр теринин жаштыгын сактап калууну, бырыштарды азайтууну же сырткы келбетин жакшыртууну каалашат. Бирок, ар бир косметологиялык процедура адамдын организмине белгилүү бир деңгээлде кийлигишүү экенин унутпоо керек. Ошондуктан адисти тандоого өтө жоопкерчилик менен мамиле кылуу зарыл.

Адистин квалификациясын текшериңиз. Процедурадан мурун косметологдон төмөнкүлөрдү сурагандан тартынбаңыз: медициналык билими барбы; кайсы окуулардан өткөнүн тастыктаган сертификаттары барбы; бул тармакта канча жылдан бери иштеп келет.

Эгер кеп инъекциялык процедуралар (ботулинотерапия, контурдук пластика, биоревитализация, мезотерапия жана башкалар) жөнүндө болуп жатса, аларды жогорку медициналык билими бар жана косметология боюнча атайын даярдыктан өткөн адис гана жүргүзүүгө тийиш. Мындан тышкары, мындай кызматтар медициналык ишмердүүлүк жүргүзүүгө лицензиясы бар клиникада же медициналык кабинетте көрсөтүлүшү керек. Бул бейтаптын коопсуздугун камсыз кылуучу эң негизги талаптардын бири.

Процедура кайсы жерде жүргүзүлөрүнө көңүл буруңуз. Эгер, косметолог соода борборунда, чакан ижарага алынган кабинетте же медициналык мекемеге окшобогон жайда кабыл алып жатса, бул анын документтерин кылдат текшерүүгө негиз болушу керек.

Инъекциялык процедуралар медициналык ишмердүүлүк жүргүзүүгө лицензиясы бар медициналык мекемеде гана аткарылышы зарыл. Ошондуктан клиниканын же медициналык кабинеттин тиешелүү лицензиясы бар экенин, ал эми адистин жогорку медициналык билими жана косметология боюнча атайын даярдыгы бар экенин сөзсүз тактаңыз.

Тилекке каршы, дал ушундай жайларда кээде медициналык билими жок же медициналык ишмердүүлүк жүргүзүүгө лицензиясы жок адамдар инъекциялык кызматтарды көрсөтүп калышат. Ден соолугуңузга коркунуч келтирбөө үчүн процедура башталганга чейин тиешелүү документтерди көрсөтүүнү талап кылуудан тартынбаңыз.

Кабинеттин абалына көңүл буруңуз. Процедура таза, санитардык талаптар сакталган жайда өткөрүлүшү керек. Колдонулуучу шаймандар стерилдүү болуп, бир жолу колдонулуучу материалдар бейтаптын көзүнчө ачылышы зарыл. Адис сөзсүз колкап кийип иштеп, бардык гигиеналык эрежелерди сактоого милдеттүү.

Кандай препарат колдонуларын билиңиз. Процедурада колдонулуучу препараттын таңгагын көрсөтүүнү сураныңыз. Анда өндүрүүчүнүн аталышы, жарактуулук мөөнөтү жана каттоо маалыматы көрсөтүлүшү керек. Эгер адис препараттын аталышын жашырса же анын келип чыгышын түшүндүрө албаса, мындай процедурадан баш тартканыңыз туура.

Ден соолугуңуз тууралуу маалымат бериңиз. Процедуранын алдында өнөкөт ооруларыңыз, аллергияңыз, кош бойлуулук, колдонуп жаткан дары-дармектер же мурда жасалган операциялар тууралуу сөзсүз айтып бериңиз. Айрым процедуралардын каршы көрсөтмөлөрү бар жана аларды эске албоо ден соолукка коркунуч жаратышы мүмкүн.

«Дароо керемет жыйынтык» деген убадаларга ишенбеңиз.Эгер, сизге эч кандай тобокелчиликсиз жана өмүр бою сакталуучу идеалдуу жыйынтык убада кылышса, бул ойлонууга негиз берет. Ар бир косметологиялык процедуранын өзүнүн көрсөтмөлөрү, чектөөлөрү жана мүмкүн болгон терс таасирлери бар. Чыны гы адис бул тууралуу алдын ала толук маалымат берет.

Процедурадан кийинки кеңештерди сактаңыз. Эң мыкты жүргүзүлгөн процедурадан кийин да туура кам көрүү талап кылынат. Адистин бардык сунуштарын аткарыңыз. Эгер, тыюу салынса, мончого, саунага же солярийге барбаңыз жана кандайдыр бир күмөндүү белгилер пайда болсо, өз алдынча дарылануруга аракет кылбаңыз.

Процедурадан кийин бир аз кызаруу же шишик болушу кадимки көрүнүш болушу мүмкүн. Бирок, катуу ооруу, күчтүү шишик, ириндүү бөлүнүп чыгуу, дене табынын көтөрүлүшү же жалпы абалдын начарлашы байкалса, мүмкүн болушунча тез арада дарыгерге кайрылуу зарыл.

Сулуулук коопсуздуктан башталат. Эң арзан кызматты эмес, билимдүү адисти жана лицензиясы бар медициналык мекемени тандаңыз. Суроо берүүдөн, документтерди текшерүүдөн жана процедураны ким жүргүзөрүн тактоодон тартынбаңыз. Жоопкерчиликтүү мамиле сиздин сулуулугуңузду гана эмес, эң башкысы – ден соолугуңузду сактоого жардам берет.

А.Мамасадыкова,
Ош облусу боюнча кызматтын иш –аракеттерин координациялоо милдети жүктөлгөн
Ош шаардык ОАА жана МСЭКБнун санитардык дарыгери.

101 билдирет

КР ӨКМнин Ош шаары боюнча башкармалыгы эскертет

Акыркы убактарда техниканын өнүгүшү менен турмуш-тиричилигибизде электр жана газ шаймандарынын түрү көбөйдү. Бул биздин жашообузду жеңилдеткени менен, эң жөнөкөй коопсуздук эрежелерин сактабагандыктын айынан тилсиз жоонун кесепетине кабылуу коркунучу да жогорулады. Өрт кырсыгы – заматта тутанып, адам өмүрүн алып кеткен, материалдык зор чыгымга учураткан каргаша. КР ӨКМнин Ош шаары боюнча башкармалыгы тургундарды ар дайым сак болууга жана төмөнкү маанилүү эрежелерди так сактоого чакырат.

Үй ичиндеги коопсуздук: электр жана газ шаймандары статистика көрсөткөндөй, турак жайлардагы өрттүн басымдуу бөлүгү электр зымдарынын кыска туташуусунан жана газ шаймандарын туура эмес колдонуудан келип чыгат.

Чектен ашык күч келтирбеңиз: бир убакта бир розеткага бир нече кубаттуу электр шаймандарын (мисалы, муздаткыч, кир жуучу машина, үтүк, жылыткыч) туташтырууга тыюу салынат. Бул зымдардын ысып, эрип кетишине алып келет.

Көзөмөлсүз калтырбаңыз: үйдөн чыгып жатканда же уктаар алдында сыналгы, компьютер, үтүк жана өзгөчө электр жылыткычтарын розеткадан сууруп турууну адатка айлантыңыз. Телефондун кубаттагычын (зарядка) да розеткада калтыруу кооптуу.

Газ жабдыктарын текшериңиз: газ плиталарын жана баллондорду өз убагында адистерге текшертип туруңуз. Эгер, үйдөн газдын жыты чыкса, дароо терезелерди ачып, электр жарыгын же ширеңкени такыр күйгүзбөстөн, газ кызматтарына чалуу зарыл.

Күз жана кыш мезгилинде өрт кырсыктары кескин көбөйөт. Бул убакта ар бир үй ээси төмөнкүлөргө көңүл буруусу тийиш:

-Колдон жасалган, стандартка жооп бербеген электр жылыткычтарын такыр колдонбоңуз.

-Меш менен жылытылган үйлөрдө моруларды (түтүн чыгуучу жолдорду) көөдөн тазалап, шыбап, актап туруу керек. Мештин түбүнө туурасы 50х70 см болгон темир барак кагылууга тийиш.

-Күйүп жаткан мештин жанына кийим кургатууга, отун же тез тутануучу суюктуктарды коюуга болбойт.

Балдардын коопсуздугу – чоңдордун жоопкерчилиги

Көпчүлүк учурда жаш балдардын от менен ойношу кайгылуу окуялар менен аяктап жатат. Ширеңке, оттук (зажигалка) өндүү буюмдарды балдардын колу жетпеген коопсуз жерде сактаңыз. Балаңызга оттун зыяндуулугун, ширеңке оюнчук эмес экенин кичинекей кезинен баштап түшүндүрүңүз.

Эң башкысы – жаш балдарды үйдө жалгыз жана бекитип калтырбаңыз.

Көп кабаттуу үйлөрдүн тургундарына эскертүү

Шаардык шартта көп кабаттуу үйлөрдөгү коопсуздук жалпы коңшулардын ынтымагынан көз каранды.Кабаттардагы өрт чыгуучу коопсуздук тепкичтерин, өтмөктөрдү эмерек же таштанды менен тоспоңуз. Коридорлор ар дайым бош болушу шарт.Терезеден же балкондон өчүрүлбөгөн тамекинин калдыгын ташпаңыз. Ал төмөнкү кабаттагы ачык турган балконго түшүп, өрттүн тутанышына себепкер болот. Үйдүн айланасындагы өрт өчүрүүчү унаалар өтүүчү жолдорго же гидроранттардын үстүнө жеке унааларды токтотуп, тоскоолдук жаратпаңыз.

Өрт чыга калса эмне кылуу керек?

Эгер, кырсык катталып калса, эң биринчи эреже – дүрбөлөңгө түшпөө.

Тезинен 101 же жалпы куткаруу кызматынын 112 номуруна чалыңыз. Дарегиңизди, эмне күйүп жатканын жана өзүңүздүн аты-жөнүңүздү так айтыңыз.

Эгер, өрт жаңы гана тутана баштаса, аны суу, калың жууркан же атайын өрт өчүргүч (огнетушитель) менен өчүрүүгө аракет кылыңыз. Күйүп жаткан электр зымдарына суу куюуга такыр болбойт!

Эгер, өрттү өчүрүү мүмкүн эмес болсо, дароо бөлмөдөн чыгып, коңшуларды кабардар кылыңыз. Түтүн каптап жаткан учурда дем алуу жолдорун нымдуу чүпүрөк менен тосуп, эңкейип же сойлоп сыртка чыгуу коопсуз.

Эсиңизде болсун, өрттү өчүрүүгө караганда, анын алдын алуу алда канча жеңил. Өзүңүздүн, жакындарыңыздын өмүрүн жана мүлкүн сактоо – сиздин коопсуздук эрежелерин канчалык деңгээлде так сактаганыңыздан көз каранды.

Н.Балтабаев,
КР ӨКМнин Ош шаардык башкармалыгынын ӨӨААжАКИБнүн офицери, улук лейтенант.

Жарыялар

Жараксыз деп табылысын

2017-жылы ОшТУ тарабынан Кенжебаев Ырыскулбай Жакшыбаевичке берилген УБ № 170355699 каттоо№ 1504 сандуу дипломунун түп нускасы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

ххх

2014-жылы ОшМУ тарабынан Атаханов Ойбек Бахтиёровичке берилген СД № 140137760 каттоо № 1366 сандуу дипломунун түп нускасы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

ххх

2008-жылы ОшМУ тарабынан Жаанбаева Азиза Абдрайевнага берилген СД № 080310202 каттоо № 3891 сандуу дипломунун түп нускасы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

Ош жаңырыгы
Ош облустук коомдук-саясий гезити

УЮШТУРУУЧУ:
Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги

Башкы редактор:
КАРАКОЗУЕВ Асанбек Курманбекович

Жооптуу катчы:
Канымжан Кыдыралиева

Нөөмөтчү:
Т. Абдыразаков

Гезит Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинде катталган.
Катталуу күбөлүгү
213623-3310-У-е
Жазылуу индекси:
68420

Реквизиттер:
ИНН: 02401202310360
ОКПО: 31708371
ОАО "Айыл Банк"
Бик: 135033
Р/эсеп: 1350470020053657

Дареги:
723500, Ош шаары,
Курманжан датка көчөсү, 209-үй.

Жарыяланган макалалар редакциянын толук көз карашын билдирбейт. Жарыя-жарнамалардын текстине редакция жооп бербейт. Кол жазмалар кайтарылбайт.

Байланыш:
Кабылдама: **7–13–34,** Жооптуу катчы: **7–10–02**
Жарнак бөлүмү: **7–11–31**
E-mail: **oshjangaz@gmail.com**

Гезиттеги спорттук материалдар КР Маданият, маалымат жана жаштар саясаты министрлигинин медиа чөйрөдөгү мамлекеттик социалдык заказынын алкагында даярдалды

Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалгаланды. "Принт Мастер" ЖЧКсынын басмаканасында басылды. Бишкек шаары, Анкара көчөсү 1г. Көлөмү А3 - 2 басма табак.
Тел: 0 (312) 53-00-00.

Буюртма №:1104 **Нускасы: 2000**

ЭКИ ДООРГО АК ЭМГЕК ӨТӨГӨН БАЙБИЧЕ

Союз убагында экономикалык жана социалдык өнүктүрүүнүн алдын-ала беш жылдык пландары кабыл алынып турган. Эл чарбасын өнүктүрүүнүн алгачкы беш жылдык планы 1928-жылы кабыл алынган. Жалпысынан 1986-жылга чейин мамлекеттик беш жылдык мындай пландар 12 жолу кабыл алынып, көп улуттуу совет эли тарабынан колдоого ээ болуп келген. Эмгекчилер «План – бул мыйзам, аны аткаруу – милдет, ашыра аткаруу – сыймык!» деген ураандын алдында эмгектенишкен.

«СССРдин 1981-1985-жылдарга жана 1990-жылга чейинки мезгилде экономикалык жана социалдык өнүгүүсүнүн негизги багыттары» деген аталышта XI беш жылдыктын планы 1981-жылы КПССтин XXVI сьездинде бекитилген. Дал ошол жылдары Ош облустук «Ленин жолу» (азыркы «Ош жаңырыгы») гезитинде сапаттын мыктылары үчүн «Ардак альбому» аттуу рубрика ачылып, өнөр жай ишканаларында товарларды жана продукцияларды «Мамлекеттик сапат белгиси» менен даярдоого жетишкен эмгектин алдыңкылары «Ардак альбомуна» жазылып турушкан. Аталган гезиттин «Ардак альбомуна» Оштогу Октябрдын 50 жылдыгы атындагы пахтадан кездеме токуучу өндүрүштүк бирикмесинин тасма даярдоочусу (ленточница) Махабаткан Файзуллаеванын жараткан ийгиликтери өзүнүн сүрөтү менен бирге квартал сайын ырааттуу чыгып турган.

Биздин колубузда «Ленин жолу» гезитинин 1982-жылдын 2-апрелинде жарык көргөн № 62 (10325) саны турат. Аталган гезиттин биринчи бетине биздин каармыбыздын сүрөтү басылып, анын эмгектеги жеңиштери жөнүндө кеңири маалыматтар коштогон. Анда «М. Файзуллаева СССРдин түзүлгөнүнүн 60 жылдыгынын урматына ургаалдуу темп менен иштеп жатат. Анын бул кесипте иштегенине 8 жылдан ашты. Ушул тапта тасма даярдоочу кийинки 1983-жылдын апрель айынын эсебинен эмгектенүүдө. Быйылкы жылдын 1-кварталынын планын 200 пайызга жеткирип аткарып, көп улуттан турган жамаатынын жана шаардын тийиштүү жетекчилеринин куттуктоолорун кабыл алды. Ал Ош шаардык кеңешинин депутаты катары да наказдарын өз убагында орундатуу менен бирге башка коомдук иштерге активдүү катышат. Анын алдыга койгон асыл максаты – өндүрүштүн натыйжалуулугун жогорулатып, даярдалган продукциянын сапатын жакшыртуу болуп саналат» деп жазылган.

Каармыбыздын эмгектеги жеңиштерин чагылдырган мындай макалалар облустук «Ленинский путь», Октябрдын 50 жылдыгы атындагы пахтадан кездеме токуучу өндүрүштүк бирикмесинин «Голос текстильщика» аттуу көп нускалуу гезитине жарыяланып келген. Коммунист Махабаткан Файзуллаева өзүнө берилген беш жылдык план-тапшырмаларын үч жылдын ичинде аткарып, кийинки беш жылдыктын эсебинен эмгектенген учурлары арбын болгон. Тасма даярдоочу ар бир айдагы планын эки эсеге чейин аткарып, 6 айдын ичинде 170,3 тонна жогорку сорттогу пахта тасмасын даярдаганга үлгүргөн.

Мына эми ошол учурунда ысымы жамаатына гана эмес, Ош шаарынын элине, андан да нары облустун, республиканын калкына талыкпаган ак эмгеги, улам жаңы демилгелерди көтөрүп иштөөгө аракеттенген адамдык өзгөчө касиеттери менен дайын болгон Махабаткан Файзуллаева кутман курак - 70 жаштын босогосуна келип олтурат. Ал 1957-жылы Кара-Суунун Мады айылында жарык дүйнөгө келген. Киндик каны тамган айылынын облус борборуна жакындыгы да анын келечекте кесип тандоосуна өбөлгө болуп, кайсыл бир деңгээлде таасири тийген. Ушул айылдан биз жогоруда белгилеп өткөн пахтадан кездеме токуучу өндүрүштүк бирикмесинде эмгектенишкен бир топ келинкыздар бар эле. Алар дем алышка келип калышканда Махабаткан жакын сындиси катары кулагын төшөп, дилин коюп кеп-кеңештерин угуп, келечекте ошол жамаатта иштесем, ушул эжелердей болсом деген кыялдар менен алдыга талпынган. Эжекелеринин гезит-журналдарга жарыяланган иш үстүндөгү фото сүрөттөрүн, алар туурасындагы очерктерди, шыр баяндарды, макалаларды кунт коюп окуп олтуруп, кийин басма сөз беттерине эмгектин алдыңкысы катары менин да сүрөттөрүм басылса, эмгегиме жараша сыйлыктарды алсам деген ой-тилеги аны басса-турса дайыма жадында жүргөн.

Ал айылдан орто мектепти 1974-жылы ийгиликтүү аяктагандан кийин жогорку окуу жайларынын бирине деле тапшырып, билим деңгээлин сынап көрсө болмок. Анткени орто мектепти окуунун алдыңкыларынын катарында бүтөрүп, жалаң «4» жана «5» деген баалар менен толтурулган жетилүү аттестаты алган болчу. Бирок, аны бир топтон бери көкүрөгүнөн терең ээлеп алган максаты башка тарапты көздөй жетелеген. Ошентип ал Ош шаарына келип, өзү самаган пахтадан кездеме токуучу өндүрүштүк бирикмесине алгач үйрөнчүк катары ишке алынган.

Ал кезде 3 фабриканын башын бириктирип турган ири бирикмеде 12 миңден ашык адам 3 сменада эмгектенишкен. Советтер Союзундагы абдан чоң эмгек жамааттарынын катарына кирген ишкананын цехтеринде, станоктордо шаардыктар гана эмес, шаардын айлана-тегерегиндеги айылдардан, ал гана эмес кошуна Өзбекстандын бизге кошуна жайгашкан аймактарынан да жумушчулар келип иштеп жатышкан. Мына ушундай жамаатка аралашкан Махабаткан бара-бара тажрыйба арттырып, үйрөнчүк эмес, тез эле дасыккан кесипкөй жумушчулардын катарына кошулуп, уюштурулган мелдештерде алдыга озуп чыга баштаган. Пахта заводдорунан чигиттелип алынып келинген пахтаны жипке айлантып ийрүүгө даярдоо, аны ар кандай чаңдан, кирден арылтып тазалоо жана тасма (лента) түрүнө өткөрүү ишинде Махабаткан өзүнүн сүйгөн кесибинин чыныгы ээси экендигин тастыктаган. Эки колунун элпек кыймыл аракети көзгө илешпеген, иштин ыргагын бузбоого дасыккан тасма даярдоочу берилген план-тапшырмаларын дайыма мөөнөтүнөн мурда сапаттуу аткарып, алгач цехтин, фабриканын, андан нары өндүрүштүк бирикменин сыйлыктарына татыктуу боло баштаган.



Убадага бекем турган, жоопкерчиликти терең сезген, өзүнүн жамаатынын ар бир мүчөсүнө көмөк көрсөтүп, өзгөчө жаңыдан жумушка киришкен кесиптеш сиңдилерин камкордукка алган тасма даярдоочуну баштапкы партиялык уюм 1980-жылы Коммунисттик партиянын катарына өтүүгө татыктуу деп, партбилет беришкен. Ал 1976-жылы алгачкы ирээт «Коммунисттик эмгектин эпкиндүүсү» деген төш белгини тагынган. Өз учурунда аброй-луу эсептелген мындай сыйлыктан сырткары тасма даярдоочу М. Файзуллаева «Социалисттик мелдештин жеңүүчүс» деген төш белгини дээрлик жыл сайын алып турган.

Ал Ош шаардык кеңешинин депутаты катары анын сессияларында чыгып сүйлөп, өзү иштеген өндүрүштүк бирикмеде, анын бардык фабрикаларында чечүүгө зарыл курч маселелерди көтөргөн жана аткарылышын көзөмөлгө алган. Өндүрүштө иштеп туруу менен бирге эле билимин өркүндөтүү максатында Ош шаарындагы педагогикалык окуу жайынан билим алып, аны 1985-жылы ийгиликтүү аяктаган.

-Өзүм эмгектенген ишке ушунчалык берилгенимди айтпаңыз, ана-мына деп жүрүп жашым улам жогорулап баратты. 1990-жылы жаш курагым 34кө караган кезинде гана турмушка чыктым,-деп жылмаят Махабаткан эже,-Катары менен эки уулдуу болгонума байланыштуу аларды карап торолтоюн деп, эмгек акы төлөнбөгөн өргүү менен үйдө олтуруп калдым. Ошол маалда Союздун өзөгү ыдырап бузулуп, баягы менин экинчи үйүмө айланган пахтадан кездеме токуучу өндүрүштүк бирикменин кубаты ай санап эмес, күн санап төмөндөп, күжүлдөгөн эмгек кан буугандай токтоп, эмгек маянасын албай калган жумушчулар чилдей тарап кетишти. Ошондо менин ичимдин ачышканын айта көрбөңүз, мамлекеттин менчиги, көптөгөн элдин ырыскысы болгон өндүрүштүк бирикмени ач көздөр көз көрүнөө талап-тоноп жок кылышты. Анда көп жылдар бою эмгектенип келишкен жумушчулардын, адистердин, айрыкча кыз-келиндердин келечек тагдыры эч кимди кызыктырган жок, алардын көпчүлүгү жумушсуз калышты. Бир тобу жер кезип, жумуш издеп сыртка чыгып кетишти...

Махабаткан эже эгемендиктин алгачкы жылдары Ош шаарындагы № 39 «Солнышко» балдар бакчасында тарбиячы болуп эмгектенди. Анда тарбияланышкан наристелердин таттуу күлкүсү, ынтымактуу жамааттагы тарбиячылар анын көңүлүн аз да болсо көтөрүүгө аракет кылышып, урматтап-сыйлап турушту.

Убакыт токтобостон алдыга адымдай берди. Соңку жылдары ал жогорку окуу жайларынын корпустарында вахтерша болуп иштеп калды. Бул жөнөкөй, көпчүлүктүн назарына илине бербеген ишинде да Махабаткан эжекебиз көзгө көрүнөрлүк иштерди аткарып, Ош мамлекеттик университетинин ректоратынан Ардак грамоталарды алды. Коомдук мүлктү көзөмөлдөп, корпустардагы ирээттүүлүктү кармап, эреже-тартипти сактаган ардагер байбиче сменалаш кесиптештерине үлгү болуп келе жатат.

Эки уулу эр жетип, өздөрүнчө түтүн булатып кетишкен. Алар да үй-бүлөлүк бюджетибизди дурустап алалы дешип, чет жерлерде иштеп жүрүшөт. Ошол эле учурда уул-кыздары менен бирге Махабаткан апасынан кабар алышып, күндөлүк тамак-ашына жана ден соолугун чыңдоосуна көмөктөшүп турушат.

Каармыбыз Махабаткандын бир тууган иниси Султанбеков Адылбек Файзуллаевич КР Президентинин алдындагы Башкаруу академиясынын ректору болуп иштеген. Экономика илимдеринин кандидаты, профессор, Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкер болгон эле. Ковид илдети ааламдын баарын каптап, биздин жергебизге да кирип келген кезде, бул илдет менен күрөшүү жаатында эч кандай тажрыйбасы жок дарыгерлер алдастап калышкан чакта, бир катар мекендештерибиз пандемиянын торуна илинишип, жарыкчылык менен кош айтышып кете беришти. Мына ошол маркумдардын катарына Адылбек мырза да капыстан кошулуп, 2020-жылдын июль айында 54 жаш курагында арабыздан кеткен.

-Ала-Тоодой болгон тирегим эле. Көз жашыбызды көлдөтүп олтуруп калдык. Ал ошол жер жүзүн каптаган жаман тумоо боло элек кезге жакын «эже, өмүрүңүздүн көбүн ак эмгек, таза мээнет менен өткөрүп, бешене териңиз менен көптөгөн төш белгилерди алыпсыз. Ошол жылдары эле сиздин эмгек деңгээлиңизден төмөн көрсөткүчтөрдү жараткан адамдар тааныш-билиштикке салып орден-медалдарды алып турушуптур. А сизди төш белгилер менен гана көңүлүңүздү жубатып, калыстык кылышкан эмес экен. Эс алыңыз десек көнбөй, алиге дейре иштеп, таалим-тарбия берүүчү жерлерде эмгектенип келатасыз, окуу жайларынын жетекчилигине сиз менен бирге кирип өтүнүп, өлкөбүз үчүн өтөгөн эмгегиңизди эстерине салып көрсөк, алар тарабынан калыс колдоо болуп, эгемендүү мамлекетибиздин сыйлыктарына сунуштап көрүшсө деген оюм бар» деп калды. Мен болсо: «Жөн эле койчу, айланайын иним, иниси-нин жардамы менен сыйлык алды деген кеп-сөздөр болот. Сенин таза ысымыңа көлөкө түшпөсүн. Жараткан менин маңдайыма ушундай тагдырды жазган экен, мен ушул тагдырыма ыраазымын» деген элем. Иним ошондо берген жообума ыраазы болуп, пикириме ынанды көрүнөт, колумдан бекем кысып, унчукпай башын ийкеген болчу... Аттиң арман!.. Ааламдан жаш өтүп кетти, алдына койгон асыл максаттары көп эле. Алымбек датка атабыз туурасында жаңы маалымат-табылгаларды тапканын айтып, өзүнчө даректүү китеп жазганы камылга көрүп жүргөн,-деп Махабаткан эже көзүнө кылгырып келген жашын көрсөтпөөгө аракет кылган.

Ал азыр Ош мамлекеттик университетинин педагогика жана искусство институтунун окуу корпусунда вахтерша болуп иштейт. Аны окуу жайынын мындагы эмгектенишкен мугалимдери менен студенттери жалпы сыйлашат. Таң менен кошо эшикти кенен ачып, сырттан агылып кире башташкан мугалимдер болобу, студенттер болобу аларга жылуу ырайын көрсөтүп, улуу башын кичүү кылып ордунан туруп аларды утурлай басып, дайындуу жерге илинген ачкычтарын колдоруна берип: «Жакшы эс алып келдиңерби? Бүгүнкү күнүңөр жемиштүү болсун!» деп, батасын ыроолоп турат. Кечке жуук да ушул адатынан жазбай, бардыгын жылуу маанайы менен узатат.

Өзүнүн сменалаш кесиптештеринин арасында эң улуусу катары да урмат-сыйга ээ. Иштеген мугалимдер, билим алып жатышкан студенттер үйлөрүнө, жатаканаларына кетишкен соң корпустун беш кабатынын ар бирине шашылбай чыгып, эшик-терезелердин ачык-жабыгын, электр жарыгын тыкыр көзөмөлгө алат.

Мына ошентип, Махабаткан Файзуллаева 70 жылдык өмүрүнүн жарым кылымдан ашык бөлүгүн таза эмгеги менен өткөрүп, элжерибиздин өнүгүп-өсүшүнө колумдун келишинче көмөктөшөйүн деген аруу тилек-максаты менен жашап келатат. Майрамдарда, Ош шаарынын күнү белгиленген кезде бир мезгилдерде ушул шаардын сыймыгы болуп келген эмгектин алдыңкысы катары салтанаттарга чакырылбаса да тыкан жана жарашыктуу кийинип, көптөн бери аздектеп сактап келаткан төш белгилерин тагынып, көчө бойлоп басат, ары-бери өткөндөргө акырын баш ийкеп, «майрамыңар кут болсун, бейпил заманыңар кут болсун, айланайындар!» деп ак тилегин айтат. Кийинки муундагылардын көбү аны жакшы тааныша албаса да төшүнө тагынган жаркылдаган сыйлыктарына карап, убагында кадыр-барктуу мол арттырган, өмүрүн текке өткөрбөгөн бактылуу байбиче экенин жазбай баамдашат, көпчүлүгү таазим этип жол бошото беришип, «Ыракмат, чоң эне! Сизди да майрамыңыз менен куттуктайбыз!» дешип, урмат-сый көрсөтүп, артынан узата карап калышат.

Алымжан МОЛОРБАЕВ,
КР Журналисттер союзунун мүчөсү.